DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-47-53
УДК: 821.512.154(07)

***Толубаева Ч. Д.**, филол. илимд. канд., доцент*
*e-mail: tolubaevacolpon@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-2096-9377*
***Дөөталиева А.**, магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВДИН ӨМҮРҮ-ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада кыргыз жазма адабиятын түптөөгө салым кошкон акын-жазуучу Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү-чыгармачылыгын мектепте окутуунун айрым жолдору тууралуу*

*айтылат. Сабактын максаты аткарылыш үчүн, сабактын тема боюнча түзүлгөн планынын негизинде өтүлүүгө тийиш. Акын-жазуучулардын өмүрү жөнүндө маалымат окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша берилет. Анткени 5-6-класстын окуучуларына акын-жазуучулардын өмүрү тууралуу маалыматтар учкай гана айтылат.*

*9-класста акын Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү жана чыгармаларына 3 саат бөлүнгөн. Анын бир сааты акындын өмүрү-чыгармачылыгына арналат. Бул бир саатта акындын өмүрүнө, чыгармачылыгына арналган лекция сабак-слайд, сабак-презентация, көркөм окуу методу жана башка ыкмалар менен өтүүгө боло тургандыгы тууралуу макалада маалымдалат. Ошондой эле сабак өтүүдө жакшы натыйжа бере турган башка ыкмалар тууралуу да сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *акын, жазуучу, окутуу, адабият, метод, интерактивдүү ыкма.*

***Толубаева Ч. Д.****, канд. филол. наук, доцент*
*e-mail: tolubaevacolpon@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-2096-9377*
***Дөөталиева А.****, магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ЖИЗНИ И ТВОРЧЕСТВА Ж. БОКОНБАЕВА В ШКОЛЕ

*В статье рассматриваются некоторые способы преподавания в школе жизни и творчества поэта-писателя Ж. Боконбаева, внесшего вклад в становление кыргызской письменной литературы.*

*Для достижения цели урока его следует проводить на основе плана урока, созданного по теме. Биографические сведения о жизни поэтов и писателей даются в зависимости от возрастных особенностей ученика. Сведения о жизни и деятельности поэтов и писателей в 5-6 классах представляются в очень малых текстах. В 9 классе жизни и творчеству поэта Ж. Боконбаева выделяются 3 часа. Один час из них будет посвящен жизни и творчеству поэта. В статье даны сведения о том, что лекции о жизни и творчестве поэта можно проводить в течение одного часа с использованием уроков-слайдов, уроков-презентаций. Также представлены методы проведения уроков.*

***Ключевые слова****: поэт, писатель, преподавание, литература, метод, интерактивное обучение.*

***Tolubaeva Ch. D.****, cand. of philolog. science, docent*
*e-mail: tolubaevacolpon@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-2096-9377*
***Dootalieva A.****, post graduate student*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## SOME ISSUES OF TEACHING J. BOKENBAEV'S LIFE AND CREATION AT SCHOOL

*The article tells about some ways of teaching the life and works of the poet-writer J. Bokonbayev, who contributed to the foundation of Kyrgyz written literature. In order to fulfill the purpose of the lesson, it should be conducted on the basis of the lesson plan created on the topic. Information about the lives of poets-writers is provided depending on the age characteristics of the students. Because 5th-6th graders only talk about the lives of poets and writers. In the 9th grade, 3 hours were devoted to the life and work of the poet J. Bokenbaev. One hour of it will be dedicated to*

*the life and work of the poet. The article informs that in one hour, a lecture on the poet's life and work can be held using lesson-slides, lesson-presentation, artistic teaching method and other methods. Methods that will give good results during the lesson are also shown.*

***Keywords**: poet, teaching, literature, method, interactive learning.*

Кыргыз профессионал жазма адабиятынын алгачкы карлыгачынын бири Ж. Бөкөнбаев аз жашаса да, кыргыз поэзиясында бир топ ийгиликтүү чыгармаларды жаратып кеткен. Акындын чыгармалары мектеп программаларында, орто жана жогорку окуу жайларда окутулуп келе жатат. Мектеп программасында 4-класста, 7-класста жана 9-класста акындын өмүрү чыгармачылыгына жетишерлик сааттар бөлүнгөн.

Адабият сабагы балдарга окутулуп жаткан акын-жазуучулардын чыгармаларын эле окутуп тим болбостон, ошол өтүлгөн ар бир чыгарма аркылуу тарбияга, Мекенди сүйүүгө, адамгерчиликке үндөйт. Ошондой эле окуучунун жазуу жана сүйлөө кебин калыптандырат жана жогорулатат. Бирок бүгүнкү илим менен техниканын өнүккөн доорунда окуучуларды адабият сабагына талаптагыдай кызыктыруу оңой эмес. Албетте, мугалим сабак өтүш үчүн заманбап технологиялар, интерактивдүү методдорду колдонуп, алардын жардамы менен жогорку деңгээлде өтүүгө болот. Сабак өз максатына жетүү үчүн мугалим педагогиканын бир бөлүгү адабиятты окутуунун методикасын мыкты өздөштүрүшү керек. Кыргыз адабияты сабагы менен адабиятты окутуунун методикасы экөө эки башка предмет болуп саналат. Ушул кыргыз адабияты менен кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын аткарган кызматтары башка экенин мугалим ажырата билиши зарыл. Себеби өтүлө турган сабакты, так айтканда, тема боюнча материалды мыкты билип, бирок аны окуучуларга жеткирүүнүн ыкмасын билбесе, ал чоң маселе болуп саналат. Андыктан, биринчиден, кыргыз адабиятын мыкты билиши керек, экинчиден, ошол билимин балдарды кызыктыруу менен берүү ыкмасын таба билүү сабактын максатына жеткенин билдирет.

Адабиятты мектепте окутуунун сферасы кенен. Адабият сабагы класста окутулат жана үйгө тапшырмага берилип, үйдөн да окутулат. Албетте, класстан окуу менен үйдөн окуу өз өзүнчө айырмаланып, өзүнчө милдет аткарат, бирок мааниси жагынан бири бири менен байланышта болот.Тактап айтсак, үйрөнүү иши бир бүтүн нерсенин эки жагы –окутуу менен окуунун бир бүтүндүгү болуп саналат. Ушундай үйрөнүү ишинде окутуучу менен окуучунун ортосунда белгилүү закон ченемдүүлүккө баш ийген, бири-бирин шарттап турган көп жактуу байланыштар пайда болгон. Адабиятты окутуунун методикасы ошол окутуунун закон ченемдүүлүктөрүн ачып, алардын принциптерин, формаларын, методдорун аныктап, аны практикада иш жүзүнө ашыруунун жолдорун көрсөтөт.

Адабият сабагынан билим берген мугалимдин алдына койгон эң башкы милдети – жаш өспүрүмдөрдү адабият аркылуу тарбиялоо менен бирге, аларга адабият боюнча терең билим берип, аны билгичтик менен өздөштүрүүлөрүнө жетишүү. Адабият сабагы боюнча берилген билимди өздөштүрүү деген сөз аларды эмгекке тарбиялоо деген болуп саналат. Ошентип, адабият боюнча билим берүү, аны өздөштүрө билүүгө үйрөтүү, ал үчүн эмгектенүүгө тарбиялоо – бул үчөө бир бүтүн нерсенин ажырап кетпей турган үч жагы болуп эсептелет. Адабият мугалими окутуу ишинде ушул үч милдетти бирдей алып жүрүүсү тийиш. Ар бир мугалим өзүнүн өтүп жаткан сабагы окуучуларга таасир берип, жеткиликтүү деңгээлде кабыл алыныш үчүн баалуу деп

эсептелген төмөнкү үч нерсени жеткире алышы керек:

1. Адам баласынын турмушуна, ички рухий дүйнөсүнө таасир эте турган адабият сабагынын маанисин окуучуга жеткириши;
2. Адабиятты жөнөкөй жол менен терең түшүнүүгө жардам берүү;
3. Чыгарма окуу аркылуу ички жана оозеки кептин өсүшүнө шарт түзүлөрүн, бирок буга талыкпаган эмгек зарыл экенин.

Жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй, адабият сабагынан берген мугалимдин милдети окуучуларды чыгармалар аркылуу тарбиялоо менен эле адабият боюнча терең билим берүү жана адабиятты билгичтик менен өздөштүрүүлөрүнө жетишүү болуп саналат. Бардык предметтеги сабактар сыяктуу эле адабиятты окутуунун негизги формасы – сабак, жаңы теманы түшүндүрүү, аны бышыктоо, үйгө тапшырма берүү жана өтүлгөн теманы кайталоо сыяктуу бардык иштер сабак мезгилинде жүргүзүлөт. Ошондой эле адабият сабагынын башка предметтерден айырмаланган башкы максаты – окуучуларды чыныгы адам болууга тарбиялоо. Сабактан окуган ар бир чыгармадан тарбия алуусу абзел. Анткени адабияттын өзү адамды изилдөө болуп саналат. Жаштардын тарбиялуу жана мекенчил болушуна адабият сабагынын тийгизген таасири чоң. Ошондуктан башка предметтерден айырмаланып, адабият сабагы окуучунун жазуу жана сүйлөө кебин эле жогорулатуудан турбастан, анын эң башкы максаты тарбияда турат. Тарбияны туура жүргүзүп, окуучуларга түшүнүктүү болуш үчүн адабият мугалиминин эмгеги чоң. Мугалим өзү тынымсыз изденүүнүн жана окуунун үстүндө болуусу шарт.

Адабият сабагынын түрлөрү жана типтери бар. Сабактын ар бир тибине жараша структурасы болот. Сабакты жүргүзүүнүн айрым учурларына, материалдардын өзгөчөлүгүнө жараша анын структурасы да ар кандай болот Алар: жаңы материалды түшүндүрө турган сабак, өткөн материалдарды кайталоо сабагы, комбинацияланган (бириктирилген) сабак, өтүлгөн темаларды бекемдөө сабагы, жазуу иштерин жүргүзүүчү сабак.

Адабиятты окутуунун методдору жана ыкмалары көп. Ошол көп түрдүү ыкманы мугалим ыгы менен окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша пайдаланышы керек. Маселен, адабияттын биринчи баскычында акын-жазуучунун өмүр баяны, чыгармачылык жолу тууралуу учкай эле сөз кылынат. Ал эми жогорку класста жазуучунун өмүрү, чыгармачылык жолу тууралуу кенен маалымат берүү керек. Жазуучу жашаган доор, анын адабиятта ээлеген орду жана чыгармачылык жолу толугу менен обзордук лекцияда, жаңы материалды өтө турган жаңы сабакта өтүлөт. Бирок мугалим жазуучу жөнүндө обзордук лекцияны өтөрдөн мурун сабактын негизги максатын белгилеп алуусу зарыл. Сабактын максатын белгилөө менен жазуучунун чыгармачылык жолун ачууда даярдап келген материалдар аркылуу анын адабияттагы ээлеген негизги ордун белгилөө мүмкүнчүлүгүн ачат. Сабактын максатында билим берүүчүлүк, тарбия жана өнүктүрүүчүлүк жагдайлары эске алынышы керек. Ушул сыяктуу адабиятты үйрөтүүнүн натыйжалуу болушунда сабактын тиби жана структурасынын негизинде түзүлгөн сабактын планы айрыкча мааниге ээ болушу шарт жана планды мугалим өзгөрбөй турган схемага айландырбоо керек. Анткени сабак конкреттүү материалдарга, аны окуучуларга жеткирүү үчүн ага карата колдонулуучу методдорго, окуучулардын теманы өздөштүрүшүнө, кабыл алуусуна жараша өзгөрүп турууга тийиш жана бул нерселерди эске алуу менен план түзүлүш керек. Андыктан адабият сабагын өтүү жогорку чыгармачылыкты талап кылат. Өзгөчө белгилей кетчү жагдай: сабак башталгандан аягына чейин материал жөнүндө кабар берүү, теманы

бекемдөө, аны иштеп чыгуу жана үйрөнүү, кайталоо жана материалды тереңдетип бышыктоолорду өз ичине камтыйт.

Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө обзордук лекцияны жүргүзүүдөн мурун мугалим ошол лекциянын негизги максатын белгилеп алууга тийиш. Негизги максатты белгилөө ошол жазуучунун чыгармачылык жолун ачып берүүдө материалдарды тандап алууга, анын негизги ордун белгилөөгө мүмкүндүк ачат.

9-класста Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү, чыгармачылыгына 3 саат бөлүнгөн. Анын бир сааты акындын өмүрү, чыгармачылыгына арналат. Жоомарт Бөкөнбаев жөнүндөгү лекцияны баштоодон мурун акындын чыгармачылыгы боюнча 4-7-класстарда өтүлгөн жана класстан тышкаркы окууда тааныштырылган материалдарды эсине салып, суроо-жooптор менен бышыкталат. Окуучулар акындын чыгармаларын эстерине түшүргөндөн кийин Жоомарттын өмүрү жана чыгармачылыгын өтүүгө киришүү керек.

Бул жаңы сабакта мугалим кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы жана адабиятты түптөөгө салым кошкон алгачкы акын-жазуучуларыбыз К. Тыныстанов, С. Карачев, М. Элебаев, Ж. Турусбеков сыяктуу акын-жазуучулар тууралуу учкай кеп кылуу менен, Ж. Бөкөнбаевдин портретин беш мезгилге бөлүп караса болот. Биринчи акындын жетимдик турмушту башынан кечирген оор балалыгы, атасынан ажырап турмуштун ачуу-таттуусун бала кезинен сезип, кара курсактын айынан кой кайтарган жетимчилик турмушу тууралуу, ошондой эле энесинин элдик оозеки чыгармачылыкты мыкты билген, оозунан бал тамган куйма кулак, сөзмөр болушу жана энесинин ушул сыяктуу көркөм сөзгө болгон жылуу мамилеси бала Жоомарттын жаратылышка, ар бир нерсени башкача кароого, чыгармачылыкка болгон талантын ойготууга кошкон салымы тууралуу айтылат.

Экинчиси – анын алгачкы акын катары калыптанышы, башынан өткөргөн кыйын күндөрүнүн таасири, жетим жүрүп жетилген акынга жаңы доордун совет мезгилинин тийгизген таасири, анын жаңы доорду кучак жайып тосуп алышы, айылда ачылган алгачкы Арым мектебине кириши, билимин өркүндөтүү үчүн Жалал-Абаддагы жетим балдар интернатында окушу, Фрунзедеги педагогикалык техникумда окуусун улантышы жана акын катар таанытkан алгачкы чыгармачылыгы.

Үчүнчүсү – Жоомарттын акын катары калыптанышы, Москвадан окушу, журналисттик эмгеги, өз учурунун атактуу акыны болушу жана жердеши, улуу акын-импровизатор Токтогул Сатылгановдун ыр-күүлөрүн жыйноого кошкон зор салымы. Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгынын бүгүнкү күндө изилдениши акын Жоомарт Бөкөнбаевдин баа жеткис эмгегинин натыйжасында экендигин окуучуларга жеткирүү. Ошондой эле анын акын тууралуу драма жазышы жана 1944-жылы мезгилсиз авто кырсыктан каза болушу.

Төртүнчүсү – акын-жазуучу Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгынын изилдениши, анын чыгармачылыгына кайрылган окумуштуулар тууралуу да белгилөө; бүгүнкү күндөгү жаңы маалыматтар, акындын жеке турмушуна байланыштуу жана үй-бүлөсү жөнүндө фактылар, маалыматтар.

Бешинчиси – Жоомарттын экинчи өмүрү. Анын борбордогу Эркиндик бульварындагы эстелиги тууралуу, акындын портретиндеги өзгөчөлүк, ошондой эле Бишкек шаарындагы көчөнүн бири акындын ысмында аталышы, акындын элине сиңирген эмгегин баалап, Ысык-Көлдүн түштүк өрөөнүндөгү Тоң районунун борбору, Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайы, Жалал-Абаддагы драмтеатр, Балыкчы шаарындагы кыргыз орто мектеби, Токтогул районундагы кыргыз орто мектеби жыйырманчы кылымдын лирик акыны, котормочусу, драматург Жоомарт Бөкөнбаевдин ысымында аталышы.

Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү, чыгармачылыгына арналган обзордук лекцияны мугалим жогорудагыдай беш этапка салттуу классикалык метод менен баштап, сабак презентация, сабак-слайд сыяктуу ыкмаларды да колдонуп, окуучулардын жазуучунун чыгармачылыгы менен терең түшүнө алуу мүмкүнчүлүгү ачылат. Бул биринчи сабакта бир эле метод менен өтүү керек деген болбойт. Сабак жогорку деңгээлде өтүш үчүн бир канча ыкмаларды пайдаланууга болот. Ошол эле обзор ичинде комментарийлеп көркөм окуу методу да жакшы жыйынтыктарды берет.

Жогоруда белгилегенибиздей, жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгында сабак-слайд, сабак презентация ыкмаларын аралаштыруу жакшы жыйынтыктарды берет. Интерактивдүү тактадар аркылуу акын-жазуучунун өмүрү тууралуу сүрөттөр, видеолорду колдонуу сабактын жогорку деңгээлде өтүлүшүнө жана видео-слайд аркылуу портретин көрүү сабакта өтүлүп жаткан темага карата кызыгууну жандандырат. Жазуучу тууралуу кызыктуу видеолор таасир берет.

Комментарийлеп окуу, көркөм методдо акындын өмүрү-чыгармачылыгын тааныштырууда алгачкы акын катары белгилүүлүккө жеткирген ырларынан үзүндү келтирип кетүүгө болот. Ушул жерден окуучуларга совет мамлекети, ошол доор тууралуу айтууну зарылдык катары кароо керек. Анткени профессионал акын-жазуучуларыбыздын өмүрү-чыгармачылыгына советтик идеологиянын тийгизген таасири жана алгачкы патриоттук нуктагы үгүтчүл ырлардын маанисин түшүндүрүү сабактын туура нукта бара жаткандыгын айгинелейт.

Натыйжада, Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү-чыгармачылыгына тийиштүү болгон бардык маалыматтарды, чыгармаларын ар кыл темада окутууда окуучуларга жеткиликтүү болсун үчүн мугалим адабиятты окутуунун методикасын мыкты өздөштүрүшү абзел. Бир эле окуучулар үчүн эмес, жалпы адам баласынын аң-сезиминин ишмердигине байланышкан адабиятты үйрөнүү зарыл экенин жеткирүү керек. Демек, адабият мугалими адабиятты окутуунун методикасында ошол үйрөнүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн ачып, алардын принциптерин, формаларын, методдорун аныктап, аны практикада иш жүзүнө ашырышы керек.

Жоомарт Бөкөнбаевдин лирикалык чыгармаларына келгенде, акындын поэзиядагы талантын белгилеп, анын ар бир ыр сабындагы поэзиянын гүлдөрүнүн бай кыртышын, сөзгө чебердигин сабактын ар кандай методдорун колдонуу менен окуучуларга түшүнүктүү кылып жеткирүү зарыл. Ошондой эле жакынкы жылдарда чыккан методикага байланыштуу жазылган макалаларга көңүл бурулуусу зарыл. Маселен, биз “К. Тыныстановдун өмүрү-чыгармачылыгын 10-класста окутуу” деп аталган макалабызда: “Ал эми экинчи сабакта К. Тыныстановдун чыгармачылыгы менен тааныштыруу үчүн окуучуларга акын-жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган адабияттарды жана өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу эскерүү-эсселерди жазуу, слайддарды түзүү иштери сунушталат. Мугалим тарабынан берилген мындай тапшырмаларды аткаруу үчүн окуучулар өз алдынча окуп даярданууга, же экиден, каалаcа, топ-топ болуп иштөөгө уруксат берилип, эскерүү-эссе жазып, слайддарды түзүү үчүн Касым Тыныстановдун чыгармачылыгы боюнча бул мезгилге чейин жарыяланган факты-материалдарды ыгы менен кантип пайдалануу керектиги, методикалык сунуштар, материалдарды колдонуу багыттары сунушталат. Ошондой эле ар бир окуучу таап келген факты-материалдардын негиздүүсүн, кызыктуусун колдонууга багыт көрсөтүү менен, окуучулар таап алып келген материалдарга да баа коюла тургандыгын белгилеп коюу керек. Ар бир окуучу же топ чыгармачылык менен иштөөсү үчүн мугалим бир тема белгилеп коюшу сөзсүз керек” [7, 5-б.] -деп белгилеген элек. Бул макаладагы ой-пикирлер акын Ж. Бөкөнбаевдин өмүрү-

чыгармачылыгы тууралуу обзордук лекцияда да пайдаланууга эң сонун ыкма болуп саналат. Андыктан ар бир сабактын кандай өтүү жолунун инструкциясы албетте, жок. Сабак бул – чыгармачылык. Ар бир сабактын автору – мугалим. Мугалим ар дайым изденүүнүн, жаратмандыктын, тынымсыз эмгектин жана замандын, баланын заманынын негизинде окутса, ийгиликтер жаралат. Андыктан калган эки саатты обзордук лекцияда алган маалыматтарды тереңдетүүгө, ошондой эле акындын котормолоруна, тамсилдерине, драмасына, өзгөчө, окуучулардын патриоттук сезимин ойгото турган “Ажал менен Ар-намыс” поэмасына арнаса болот. Поэманын мазмунуна токтолордо окуучунун Мекенге болгон сүйүү сезими согуш темасы менен байланыштуу каралса, сабак жакшы жыйынтыктарды берет. Муну менен катар эле окуучулардын билимин баалоого жана өркүндөтүүгө байланыштуу иштер да пландалат.

**Адабияттар:**

1. Алымов, Б. А. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. I китеп [Текст] / Б. А. Алымов. - Фрунзе: Мектеп, 1981.
2. Алымов, Б. А. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. II китеп [Текст] / Б. А. Алымов. - Фрунзе: Мектеп, 1984.
3. Алымов, Б. Кыргыз адабияты : 9-класстар үчүн окуу куралы. 2-бас. [Текст] / Б. Алымов. - Бишкек, 2002.
4. Артыкбаев, К. XX кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / К. Артыкбаев. - Бишкек, 2004.
5. Артыкбаев, К. Адабият таанууга киришүү [Текст] / К. Артыкбаев. - Бишкек, 2005.
6. Байгазиев, С. Окутуунун интерактивдик методу [Текст] / С. Байгазиев. - Бишкек, 2004.
7. Толубаева, Ч. Д. Касым Тыныстановдун өмүрү-чыгармачылыгын 10-класста окутуу / Ч. Д. Толубаева, К. Жумаева // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2023. – No. 54-1. – P. 72-79. – EDN PJXYSG.